№ 41 Дүйшөнбү кызы Бермет

**Эмгек миграциясы жакшыбы же жаманбы?**
**Айылдык мугалимдин көз карашы**

Мен, карапайым кыргыздын кызы, алыскы бир тоо этегинде жайгашкан айылда жашайм. Мектепти аяктап, кээ бир теңтуштарым сымал студенттик күндөр буюруп, жалпы республикалык тестирлөөдөн жогорку балл алганымдын негизинде бюджеттик бөлүмдө И. Арабаев атындагы Мамлекеттик университетте өзүм каалаган башталгыч класстардын мугалимдик кесибине ээ болдум. Чилдей тарап классташтар ар жактабыз. Жерге түшүп чачыраган айнектин сыныктары сымал, жолугушпайбыз деле. Көбүнчөсу чет жерге иштегени кетишти. Бала кезден чогу ойноп, чогу өскөн досум Чынара, Бишкектеги Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин журналистика бөлүмүнө студент болду. Чынара үчүн абдан кубандым. Ийгиликтерди, чоң кыялдарды багынтсын деп тиледим. Балалык жыттанган бардык классташтарыма байсалдуу бактылуулук, өмүр тиледим. Кошуна айылга турмушка чыгып мугалимдик кесипти аркалап иштеп келе жатканыма быйыл 12 жыл болот. Өз билимимди өркүндөтүп, окуучуларга заман талабына ылайык билим берип келем. Окууга тапшыра албагандардын көпчүлгү чет жакка, Россияга, Түштүк Кореяга, Европага а түгүл Американы багынтам деп кеткендер да болду. Албетте, ар кимдин өз иши деңизчи бирок эмгек миграциясы көп жагдайлуу татаал маселелердин бири экенин билебиз.

Төрт мезгили түгөл Ала –Тоонун койнундагы жай баракат турмуш өтүп жатты. Ошентип бир күнү ройондун борборуна мектептер аралык семинарга барып калдым. Үйгө кайтаарымда шаардан келе жаткан Чынара досума жолугуп калып такси күтүп турсак, Москвада эмгектенген Акжол классташым да туулган жерине, ата-энесине, үй бүлөсүнө бараткандыгы жүзүнөн байкалып жаныбызда турду.

-Кандайсыңар менин сүйүктүү классташтарым, -деди Акжол.

-Шүгүр, - деп жүз көрүшүп жылуу учураштык. Жолубуз бир болгондугуна байланыштуу кезекте турган таксилердин бирине отуруп айылдарыбызга сапар алдык.

Чынара журналист катары миграция жана мигранттар тууралуу маалымат жыйнап журуптур. Асмандан издегени жерден табылбадыбы. Бала чагымдан каттаган ушул жолдо айлананын кооздугун мынчалык байкабаганыма өзүм да таң калып бара жаттым. Журналистибиз ишке киришти:

-Акжол канчадан бери Москвадасын?

- 4-5 жыл болду го.

- Ай иий Москвалык болуп калыптырсың да ?

- Жок ай! Айла жоктон жүром да. Ата-энемдин тун уулумун. Аларга жардам берип, ини-карындаштарымды да окутушум керек болуп бардым. Үй-жайыбызды жаңырттык көп жакшы иштерди жасадык, жаратканга шүгүрчүлүк келтирем. Бирок Москва оңой эмес. Алар иштебесең сени менен сүйлөшпөй деле кое алышат. Байкуш биздин мекендештер жалаң кара жумушта эмгектенишет. ЕврАзЭСке мүчө болгонубуз менен баары бир көп кыйынчылыктар бар. Мурда бир аз оңой болчу, азыр регистрация маселеси, дактилоскопия, медициналык текшерүү, эмгек келишими сыяктуу көйгөйлөр жаралып, Россиянын территориясында легалдуу миграцияда жүрүү өтө татаал процесске айланып кетти. Ар келген сайын кайра барбайм деймин, болбой эле кайра

барууга туура келет. Мигранттын турмушу курусун иштин оордугунан да, ой-санаанын оордугу көп чарчатат.

-Чындыгында мигранттар азаматсынар, - деди Чынара. Статистикага таянсак силер жылына 2, 5-3 миллиард доллар которуп жатасыңар Кыргызстанга. А бул дагы республикалык бюджетке чон салым десек туура болот.

- Ооба дечи, бирок, көп жаштар убактысын бөөдө эле коротуп, ден соолугун жоготуп, өмүрдүн жаратман мезгили-жаштыкты текке кетирип жүрөшкөндүгү өкүнүчтүү. Арасында заманбап там салып, акыркы моделдеги унаа айдап, бизнес ачып жемиштүү иштегендер да жок эмес. Ушундан улам кай жерде жүрбө талыкпай эмгектенип, финансылык сабаттуулук концепсиясын үйрөнүп, өзүңдү ар тараптуу өнүктүрүп, тапкан кирешени өзүңө, билимиңе инвестициялай билсен, кең келечек болooруна ынандым. Бийликти, элчиликти, консулдук кызмат департаментин күнөөлөй бербей, өнүгүүнү ар бирибиз өзүбүздөн баштасак, биз өнүккөн Кыргызстанда жашайбыз.

- Оо, Акжол, сендей уулдар Кыргызстанга деле керек. Ата –энең улутту сактоочу уулду тарбиялап өстүрүптүр да. Билимдүү эне-билимдүү бала, билимдүү бала –билимдүү коом, билимдүү коом-өз кезегинде өнүккөн өлкө экендигине сенин сөздөрүң далил болду, -деп Чынара Акжолго күлө карады. Бир убакта айдоочу да сөзгө аралаша кетти:

-Менин агам менен жеңем да Россияда иштеп жүргөнүнө көп болду, үй-жайлуу, мал жандуу болушту. Бирок уулу менен кызын ата-энеме калтырып таштап кетип жатканы журогумду оорутат, - деди. Чоң эне, чоң атасы канчалык мээрим төгүп карабасын өз ата-энесиндей болбойт окшобойбу. Өздөрүнүн жашы келип калса да, небере кароо кошумча түйшүктү жаратат. Бир ойлосом туура, бул эки бала тең жат бирөөнүн запкысын көрбөйт, ишеничтүү колдо. Чоң эне, чоң атасы карап жатат. Кээ бир ата-энелер турмуш шарттын жагдайына карата, жакын эле тааныштарына, алыскы туугандарына таштагандары да бар. “Беш кол тең эмес” дегендей кордук көрүп, жаштайынан запкы чегип чоңоюп жаткандар да жок эмес. Мындай балдардын келечекте тарбиялуу болуп чыгышы да күмөн.

-Мектебибизде да мигрант ата-эненин балдары окушат деп, -сөзгө аралаштым. Биздин кичинекей айылыбыз 250 түтүндөн турат. Дээрлик баардык үй бүлөлөр мигрант жагдайына кабылгандар. Балдарын таштап канчалаган жаш үй бүлөлөр миграцияда жүрүшөт. Үй бүлө институттары талкаланбашы керек. Толук кандуу үй бүлөдө өсүп, эненин мээрими менен атанын камкордугуна бөлөнгөн баладан мыкты инсан чыгаары шексиз го. Адам өмүрүнүн эң таттуу учуру анын балалыгы эмеспи. Балалыктын эч нерседен бейкапар жана бактылуу учурлары узап кеткенден кийин көптөрдү суктантат жана сагынтат. Бирок ушул балалык, бактылуулук кучагында эмес кусалыктын, жол карап күтүүнүн, кыйынчылыктардын кучагында өткөн жагдайлар жок эмес. Мигрант ата-эненин балдарынын кусага толгон көздөрүн кароо эң эле оор. Мындай балдар ата-энесин күтүү менен жан дүйнөсү мээримге толбой чоңойууда. Мен үчүн окуучулардын баары бирдей, алар бизге берилген аманат. Баардыгына бирдей көңүл бөлүп талыкпай билимимди берип келем. Бирок, аялуу балдарга өзгөчө көңүл буруп, башынан сылап энелик мээримимди төгөм. Жашоодо бир берилуучу бактылуу балалыктарын жол карап өткөргөндүгү өкүнүчтүү. Биздин билим беруу министирлиги тарабынан мигрант ата-эненин балдарына каттуу көзөмөл жүргүзүү тапшырмасы бар. Мигрант ата-энелер

балдарына тапкан акчасын салып жакшы тамактандырып, жакшы кийиндирип, ден соолугуна кам көргөнү, тактап айтканда материалдык жактан камсыз кылганы менен, өкүнүчтүүсү баланын жан дүйнөсүнүн тазалыгы, коосдугу, ички муктаждыктары менен кызыгууларына көңүл бурулбай калат. Жыйынтыктап айтканда бала материалдык жактан камсыз болгону менен руханий жактан ач калууда. Айтайын дегеним, Чынара мигранттын турмушундагы ушул жагдайды көбүрөөк белгилеп жаз, - деп сөзүмдү жыйынтыктадым.

- Менин эки уулум жана бир кызым ата-энем менен келинчегимдин колунда тарбияланып жатышат. Жогоруда айтылгандай аларды финансылык жактан каржылаганым менен атанын мээрими, камкордугу жетишпегендигин билип эле турам. Эми дайыма ата-энемдин, сүйүктүү жубайым, сүйкүмдүү балдарымдын жанында болом деп өзүмө сөз берип келе жатам, -деп созун улады Акжол.

-Туура кыласын Акжол, көп жакшы нерселерге жетишиптирсин, эми сүйүктүү үй бүлөңдүн жанында болгонуңа абдан кубанычтамын, -дедим да айылыма жетип калгандыгыма байланыштуу классташтарым менен жылуу коштошуп кала бердим.

Эгерде эгемендүүлүккө 33 жыл болгондугун эске алсак таланып –тонолуп кеткен завод, фабрикаларыбыз гүлдөп, өнүгүп иштеп турганда мындай кырдаал жаралбас беле. Мамлекетибизде адамдар жумуш орду менен камсыз болуучу денгээлде болгондо, аз гана пайызы эмгек мигранттары болуп калктын калган бөлүгү мекенибизде болоор эле. “ Бөтөн жерде султан болгончо, өз элиңде ултан бол” деген макалдагыдай өз жеринде иштегени жакшы болмок. Миграцияга кеткен калктын дайыма эле иши оңунан чыкпагандыгы, ийгилик жаратуусу да күмөн болгондугу өкүндүрөт. Ар кандай шылуундарга алданып күйүп калгандары канча. Бөтөн эл, бөтөн жерде алданып калуу, ажырашуу, ден соолугунан жабыркоо, кээ бир учурда өмүрүнөн айрылуу маселелери жүрөктү өйүтөт. Ойлонуп бара жатып миграция жакшыбы же жаманбы? деген суроого биринчи жаман жагын, андан сон жакшы жагын айтып жыйнтыктагым келди. Жаман жагы жогоруда айтылгандай эч нерсе менен теңелгис өмүрлөрдүн кыйылышы, ден соолуктун талкаланышы, жаштардын жеңил ойлуулукка кирип бузулуусу, жаштык доорунун убакыттан утулушу, өлкөнүн келечеги болгон балдардын жан дуйнөсүнүн боштугу түйшөлтпөй койбойт. Ал эми жакшы жагы өлкөбүзгө финансылык бюджеттин келип түшүшү, өнүккөн өлкөлөрдө иштеп өзүнүн маданиятын жогорулаттуусу, үй бүлөсүн камсыздоосу, аз камсыз болгон үй бүлөлөргө фонддорду ачып жардам берүүлөрү, балдарын чет мамлекеттеги престиждүү окуу жайлардан окутуусу кубандырат.

Улуттук педагогиканы эске алганда боз үй бул аалам менен үй бүлөнүн синтезинен жаралган кыргыз керемети. Анын куту эне, түркүгү ата, бактысы балдар. Эненин мээримине тойгон, атанын канатына калкаланган гана бала күчтүү келечек, өнүккөн өлкөнүн ээси болот. Толук кандуу үй бүлөдөгү баланын мектепте да, коомдо да, жашоодо да жаратман болуп чоң максаттардын, ийгилик жана жетишкендиктердин мекени болуп, гүлдөп өнүккөн өлкөдө жашаарына эч ким тоскоол боло албайт чыгаар деп, - ойлонуп бара жаттым.

Көп өтпөй досум журналист Чынаранын белгилүү гезиттердин биринде “Миграциянын алгылыктуу жана көйгөйлүү маселелери” деген темадагы журналистик

иликтөө макаласын окудум. Рахамт сага Чынара, коп маселелерди көтөрүп мыкты жазылганына күбө болдум.